# КУТТУУ ЖУМАЛЫКТЫН САЛТАНАТТУУ АЧЫЛЫШЫНДА СҮЙЛӨНГӨН СӨЗДӨР

(28.04-02.05 1998-жыл )

## Ош мамлекеттик университетинин ректору, профессор

## Б.М.Мурзубраимовдун сөзү

Урматтуу меймандар жана бүгүнкү салтанаттын катышуучулары! Бардыгыңыздарды ушул улуу майрам, Кыргызстандын шартында 2-жолу белгиленип жаткан Куттуу Жумалыгыңыздар менен чын жүрөктөн куттуктайм. Теология факультетинин деканы А.Асанов кириш сөзүндө айткандай биз азыр пайгамбарыбыз Азирети Мухаммеддин туулган күнүнө арналган Куттуу Жумалыкты белгилеп жатабыз. Пайгамбарыбыз Аз.Мухаммед бир гана ислам динин тутунган адамдарда үчүн эле эмес, жалпы дүйнө жүзүндө чоң урматсыйга, кадыр-баркка ээ болгон инсан. Дүйнө жүзүндөгү көптөгөн белгилүү адамдар, улуу жетекчилер Мухаммед пайгамбарыбызга карата өздөрүнүн суктанган ой-пикирин билдиришип, ага баш ийишкен, замандаш болбогонуна өкүнүшкөн. Ушундай ой-пикирлердин кээ бири менен сиздерди тааныштырып кетким келет.

Белгилүү окумуштуу М.Харт "Азирети Мухаммед - адамзат тарыхындагы эң улуу инсан" деп белгилесе, ал эми Пренс Бисмарк "Мухаммед, мен сенин замандашың боло албагандыгым үчүн өкүнөмүн!... Сага окшогон өзгөчө кудуретти адамзат бир гана жолу көрдү, мындан кийин көрө албайт. Мен сенин улуулугуңа жүрөктөн чыккан урмат менен баш ийип, таазим кылам!" деп айтып кеткен. Жалпы коомчулуктун берген баасы боюнча Аз.Мухаммед адамзат учун бейпил турмушка карата жол баштаган улуу инсан болуп эсептелет. Анын кылган кызматы тоо көтөргүс.

Өткөн мезгилде, коммунисттик доордо динге карата болгон мамилелерде бир топ катачылыктар болгондугун бардыгыңыздар билесиздер. Динге түшүнүп-түшүнбөй мамиле кылуу бир топ проблемаларды пайда кылды. Азыр ошонун залакасын тартуудабыз. Президентибиз Аскар Акаев "Адамзат баласы жашоо тиричилигинде, рухий дүйнөсүндө тынч, бакыбат жашашы үчүн сөзсүз бир динге баш байлоосу керек" деп эң туура белгилеген. Ошондуктан элибизге ата-бабасы тутунган ислам динин туура үйрөтүү, бүгүнкү күндүн негизги маселелеринин бири болуп эсептелет. Азыркы биз тутунган ислам дини дүйнөлүк диндердин ичинен эң жашы, прогрессивдүүсү. Муну жалпы эл дагы, илим дагы, улуу инсандар дагы далилдешкен. Ошондуктан, урматтуу Куттуу Жумалыктын катышуучулары, динибиздин тазалыгы үчүн күрөшөлү. Ар түрдүү радикалдык жана фундаменталдык көз караштардан сак бололу. Элибиздин бейпилдигин диний негизде бузууга жол бербейли. Калкыбыз өз динин, маани маңызын терең түшүнгөндө гана ар кандай терс таасирлерге каршы тура алышары шексиз. Мен бардыгыңыздарды ушул багытта кызматташууга чакырам.

Биздин университеттин теология факультетинин студенттери келечекте ушул милдеттерди ишке ашырарына ишенем. Биздин да, Туркиядан келип иштеп жаткан окутуучулардын да, бизге чоң жардам көрсөтүп жаткан Туркия Дианет Вакфынын да негизги максаты ушул.

Урматтуу меймандар, кесиптештер, студенттер! Куттуу Жумалык ийгиликтүү өтсүн. Коомубузда ыймандуулук, ынсап, тынчтык, бакубат жашоо өкүм сүрсүн. Президентибиздин ушул багыттагы жалпы саясатын колдоп, элибиз үчүн кызмат кылалы. Дагы бир жолу майрамыңыздар менен, тынч болуңуздар!

Түрк элчилигинин диний кызматкери Сулайман Жошкун

Урматтуу ректор, урматтуу декан, кымбаттуу меймандар!

Ислам дини буйруктар, тыюу салуулар, адал жана арамдык иштер, негизинен адамдардын социалдык жашоосунда пайдалуу жана зыяндуу деп тапкан иш аракеттерден турат. Диндин негизги максаты адамдардын проблемаларын чечмелөө жана аларды бактылуу кылуу болуп эсептелет. Пайгамбарыбыз Аз. Мухаммед адамдар социалдык жактан кыйынчылыкта жашаган доордо, башкача айтканда мындан 1427-ж. мурда аларды караңгылыктан жарыктыкка чыгаруу үчүн жөнөтүлгөн . Анын нуру Макка, Мадина жана Аравия жарым аралын, кийинчерээк бүт дүйнөнү жарыктыкка болгон. Ал нурлар айрым маалыматтар айтылгандай кылыч жолу менен жайылган жок. Ислам дини, Курандын таасир берүүчү методу (жолу), универсал принциптери жана Азирети Пайгамбардын тажрыйба жүзүндө көрсөткөн эң жакшы адеп-ахлагынын натыйжасында жайылган.

Биз Кичи Азия түрктөрү Орто Азияда 70 жыл бою Ислам нурун өчүрүүнү каалагандардын ошол жердеги мусулмандарга кылган зулумдуктарын абдан кайгыргансыз. Аларга жардам кыла албагандыктарыбыз үчүн өзүбүздү күнөөлүү эсептээр элек. Кудаага шүгүр, бүгүн Туркия Диянет Вакфы Ош Мамлекеттик Университети менен келишим түзүп, ушул жерге теология факультетин ачты. Азыркы мезгилде бул факультетте Туркиянын Анкара Университетинин теология факультетинин эн алдыңкы мугалимдери сабак беришүүдө.

Сөзүмдү аяктап жатып, баарыңыздарды «Куттуу Жумалык» майрамыңыздар менен куттуктайм.